ИБРАГИМ УМАРОВ АТЫНДАГЫ №9 ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕБИ

# ТАРБИЯНЫН БАШАТЫ- БАЛАНЫН КЕЛЕЧЕГИ


Сабактын максаты:
Баланын тарбия алышын эки тараптан камсыз кылып,турмуштан өз ордун табууга, адептүүлүккө,ыймандуулукка, жоопкерчиликтүү болууга тарбиялоо.
Мектеп менен ата-эне бириксе балдарда болот келечек.



**ТАРБИЯ БАШАТЫ ҮЙБҮЛӨ ДЕГЕНДЕЙ БАЛАНЫ ТАРБИЯЛООДО НЕГИЗГИ РОЛДУ АТА-ЭНЕ АТКАРАТ. ОШОНДУКТАН БАЛДАРДЫ ТУУРА ТАРБИЯЛОО,ТАТЫКТУУ БИЛИМ БЕРҮҮ АР БИР АТА ЭНЕНИН МОЙНУНДАГЫ ЖООПКЕРЧИЛИК**

**БАЛАНЫ ЭЧ КАЧАН БИРӨӨГӨ САЛЫШТЫРБАШ КЕРЕК. «КАРАЧЫ ТИГИ ТЕНТЕК КЫЛБАЙ ЭЛЕ ОЛТУРАТ »ДЕСЕК, БАЛА ОГО БЕТЕР ТЕНТЕК КЫЛАТ, ӨЗҮН ТИГИ БАЛДАРДАН КЕМ СЕЗЕ БАШТАЙТ. АНДЫКТАН АР БИР БАЛАНЫН ӨЗ ЖАН ДҮЙНӨСҮ БАР ЭКЕНИН УНУТПАЙЛЫ**



Тарбия берүүдө эне менен атанын ролу кандай болуусу шарт, анткенин энеси бирди айтса, атасы башканы айтат, кош стандарттуулук десе болобу муну? Ата–эне эки башка тарбия, коом өзүнчө тарбия, жыйынтыгында таптакыр башка бала чоңоёт. Анан ата энеси биз муну минтип тарбиялаган эмеспиз деп таң калышат

Балага тарбия берүү жашообуздун бир бөлүгү болгон соң, ага чоң маани берүү абзел. Анын келечекте кандай адам болооруна эң ириде үйдөгү тарбия чоң роль ойнойт. «Куш уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат»демекчи, баланын өз алдынча калыптануусу, коомдогу орду, мунун баардыгы ата-энеге байланыштуу


Окуучу билим сапатка ээ болуш үчүн:
Ата – эне тараптан
Үйдөн ата-эне баланын окуусун көзөмөлгө алып, ага окуу үчүн керектүү шарттарды түзүп берүүсү
Мугалим тараптан
Балага сапаттуу окуу- билим тарбиясын берүү
Окуучу тараптан
Сабакка болгон кызыгуу, тынымсыз эмгек


Балдардын ойлорун угуу, сыйлоо,
дем берүү.

Эмоционалдык баарлашуулардын жоктугуна эмнелер себеп? Көп учурда ата-эне кагып силкип «ыйлаба», «оозунду жап», «тынч отур», «колу-бутунду сындырам» деген сыяктуу сөздөр менен балдардын табиятындагы эмоциясына тыюу салат, мунун таасири кандай болот?

Балага мындай мамиле кылуу туура эмес.



# БАЛА ТАРБИЯЛООДОГУ КАТАЧЫЛЫКТАРДЫН СЕБЕПТЕРИ:

- **Инфантализм**
- **Түнттүк**
- **Ачуулануу агрессия**
- **Окуу билим алууга кызыкпастык**
- **Сөз байлыгы аз, кругозору тар, адабий китеп окубайт**
- **Калп сүйлөө, алдоо, эки жүздүүлүктү элементтери**
- **Тыкан алып жүрө албастык**
- **Жалкоолук**

- Бала - үй-бүлөнүн күзгүсү, суунун тамчысынан күндүн нуру көрүнгөндөй эле ата - энесинин адеп - ахлагы баладан көрүнөт.

- Балдарыбыз келечегибиз. Туура тарбияласак - бактылуу карылыгыбыз. Жаман тарбияласак - шорубуз, көз жашыбыз, өлкө алдында кечирилгис күнөөбуз.

* «**Баланы жамандан адаштыр, жакшыга жанаштыр».**
* (Элдик макала)

# КӨҢҮЛ БУРГАНЫҢЫЗДАРГА РАХМАТ!

Даярдагандар: Кыдыралиева А

Кадырбаева Р

Райымкул кызы М